*А. Ашыралиев, Э.Сатканкулов, К.Саркаров, С.Акматов*

# ЖаМУнун агрардык илимдеринин башаты – Жалалабат зооветеринардык техникумуна 60 жыл

2007-жылы Жалалабат зооветеринардык техникумунун негизделгенине 60 жыл толот. Бул окуу жайы түштүк аймагындагы эң алгачкы, мал чарба адистерин даярдоочу атайын орто окуу жайы болуп эсептелет.

Зооветеринардык техникумунун тарыхы Жалалабат шаарынын жана региондун тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Ата мекендик согуштан кийинки кыйынчылык жылдары, Эл чарбасынын обњектилерин калыбына келтирүү, совхоз, колхоздордун абалын көтөрүү үчүн атайын айыл чарба адистерин даярдоо зарылчылыгы келип чыккан. Бул жылдары чарбаларды ирилештирүү жүрүп, фермалар үчүн жаңы жабдуулар пайда болгон жана өсүмдүктөрдүн сортторун, айыл-чарба малдарынын пародаларын өркүндөтүү боюнча иштер башталган. Ушул жылдары мамлекет тарабынан айыл-чарбасынын экономикалык жана социалдык абалын жакшыртуу боюнча иш чаралар аныкталып, белгиленген өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу үчүн тиешелүү адистерди даярдоо зарыл болгон. Ошол адистерди даярдоо үчүн Жалалабат шаарында 1947-жылы кенже ветеринардык фельдшерлерди даярдоо мектеби ачылып, 1948-жылы ал зооветеринардык техникум болуп кайра түзүлгөн. Биринчи жылдары техникумга 7-класстын бүтүрүүчүлөрү гана кабыл алынган. Биринчи бүтүрүүчү адистер техникумду 1951-жылы аякташып, 19 адам ветеринардык фельдшер дипломун алышкан. Бул окуу жайы Кыргызстандын түштүгүндөгү атайын орто билимдүү мал-чарба адистерин даярдоочу жалгыз окуу жайы болгондуктан, азыркы учурда бул окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү эмгектенишип, малдардын арасындагы Сибирь жарасы, чечек, бруцеллез, эхинококкоз ж.б. инфекциялык ылаңдарга каршы иш жүргүзүлүп, малдардын ооруларынын азайышына салымын кошпогон бир дагы чарба, айыл-кыштактарды кездештирүү мүмкүн эмес.

Биринчи бул техникумга О. К. Капышев дироктор болуп дайындалып, андан кийин ар кайсы жылдары С. А. Артыков, К. О. Орозалиев, Т. Б. Бекболотов, Б. Н. Нуралиев в.и.к. жана М. Б. Бабакуловдор дироктор болуп иштешкен.

Техникумдун алгачкы окутуучулары Солтон Т., Табалдиев Б., Тянь Б. В., Бекболотов Т., Каратаева З., Овчарик М. П., Гольцфарт А. Ф., Драпчук Т. К., Алина Р. И., Лой В. П., Лимарова Т. И. жана башкалардын эмгектери айыл-чарбасынын коомчулугу тарабынан жогору бааланып, техникумдун бүтүрүүчүлөрү алардын дарегине эң жакшы эскерүүлөрүн билдиришет.

Зооветеринардык техникумдагы билим берүүнүн деңгээлинин андан ары жогорулашына өз салымдарын кошушкан окутуучулар: Калиева Е. Б., Каблова А. И., Калматов А., Мусурманкулов А., Исмаилов К., Арапбаев А. А., Султанов Ж., Зиновьев П., Кыргызбаева Ч., Бакиев Ж.С., Абдраимов Т., Жумабаев А., Мамытов А., Саркаров К., Максутов Ж., Сатканкулов Э., Байкишиев К., Бакиев К. С., Насыров З., Касымов М., Акматов С., Капаров С., Раимбердиев Э., Медетбекова М., Эрназаров К., Иманкулова Д., Беккулов М. ж. б. эмгегин өзгөчө белгилөөгө болот.

Окутуучулар коллективи жаш окутуучулар менен толукталып, алардын ичинде илимдин кандитаттары, тажрыйбалуу кадрлар болушуп, көпчүлүгү экинчи жогорку билим – педагогикалык билимге ээ болушкан.

Зооветтехникумдун окутуучулары дайыма өзүнүн теориялык деңгээлин жана педагогикалык чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө иштеп келишкен. Окуу жайында алдыңкы тажрыйбаларды топтоп, аны жайылтуу үчүн билим, тарбия берүүнүн сапатын жогорлатуу үчүн бардык предметтер боюнча предметтик секциялар иштеген.

Сабактарда класстан тышкары иштерде окуучуларга интернационалдык жана патриоттук тарбия берүүгө чоң көңүл бөлүнгөн. Интернационалдык достук клубу иштеген. Лекциялар, конференциялар, адабий-тарыхый кечелер өткөрүлүп турган.

Айыл-чарба адистерин даярдоодо жетишкен ийгиликтери үчүн, техникум областтык, республикалык жетектөөчү органдардын сыйлыктарына татыктуу болгон жана 1961-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку кеңешинин Президиумунун грамотасы менен сыйланган.

Жалалабат зооветеринардык техникумунун бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен көрүнүктүү окмуштуулар, эл чарбасынын ар түрдүү деңгээлдеги жетекчилери өсүп чыгып, коомдун өнүгүшүнө өздөрүнүн чоң салымдарын кошушкан. Алардын катарына мамлекеттик жана коомдук ишмерлер А. Жунусов, А. Салибаев, С. М. Мавлянов, А. Касымбаев, М. С. Сыдыков, Ш. Осмонов, Ж. А. Асанов, К. А. Акматов, Т. П. Сооронбаев ж. б. кошууга болот.

1979 – 1980 – окуу жылында Жалалабат зооветеринардык техникуму үчүн Айыл-чарба министрлиги тарабынан 920 орундуу, жаңы окуу корпусу курулуп, техникум Жалалабат шаарындагы Спутник кичи шаарчасына көчүрүлүп, Цимлянский көчөсүнүн №80 дареги боюнча жайгаштырылган.

1980 – 1981 – окуу жылында техникумда «мал-чарба фермаларын механизациялаштыруу жана электрлештирүү» адистиги ачылып, 1-курска 120 студент кабыл алынган.

1985 – 1986 – окуу жылында техникумдун 320 орундуу жатаканасы, 20 миң китептүү китепканасы болгон жана 1389 адам билим алган (анын ичинен 547 киши сырттан окуу бөлүмүндө окуган).

Акыркы жылдары техникумда «Эт жана эт азыктарынын технологиясы», «Тери жана мехтин технологиясы» жана «Пиво өндүрүү технологиясы» боюнча жаңы адистер даярдалып, 1990 – 1992 – жылдары жылына 150 – 180 орто билимдүү адистер бүтүп чыгып, уюшулган жылдан 1994 – жылга чейин 7864 адис даярдалган.

Азыркы учурда зооветеринардык техникумунун бүтүрүүчүлөрү Мураталиев Байымбет Талас облусунун администрациясынын башчысы – губернатор, Бердиев Дастан – райондун акими, Багиев Каныбек – Ош областтык ветеринардык башкармалыктын башчысы, Сабырканов Алымкул – Жалалабат шаардык ветеринардык башкармалыктын башчысы, Молдошбаев Бекалмаз областык айыл-чарба департаментинде, Маматкулов Кубат – Жалалабат шаардык мериясында социалдык иштер боюнча орун басары, Асанов Бакыт – Жалалабат областык мамлекеттик коопсуздук кызматында, Болтаев Таалай – Жалалабат шаарынын ички иштер башкармалыгынын кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн башчысы, Раимбеков Капар – ЖаМУнун башкы энергетиги жана башка көптөгөн бүтүрүүчүлөр айыл-чарбасынын тармактарында ар кайсы кызматтарда үзүрлүү эмгектенишүүдө.

Бир катар бүтүрүүчүлөр илимдин докторлору жана кандидаттары болушкан. Алардын ичинен Нурумбетов Балтагул – ОшТУнун профессору, Бадронов В. – КГМАнын профессору, Мурзакулов У. З. – профессордун милдетин аткаруучу, ЖаМУнун ветеринардык медицина кафедрасынын башчысы, Исмаилов К. И. – кафедранын доценти, практика боюнча жетекчи, Орозбаев Б. – «Экология» кафедрасынын доценти, Шерматов Т. Ш. – малекеттик ветеринардык департаменттин кызматкери болуп иштеп жатышкандыктарын белгилеп кетүүгө болот.

Кыргызстанда демократиялык коомдун өнүгүшүнө чоң салымын кошкон, белгилүү коомдук ишмер, маркум Бакиев Жусуп Салиевич, убагында Жалалабат Зооветтехникумунда комсомол комитетинин катчысы болуп эмгектенгенин жана анын инсан катары калыптануусуна, жогорку деңгээлдеги коомдук ишмер болуп жетилүүсүнө техникумдун педогогикалык коллективинин белгилүү деңгээлде салымы бар.

Техникумдун акыркы мезгилдеги директору М. Б. Бабакулов ЖаМУ да көп жылдар бою кафедра башчысы болуп иштеп жүрүп, ветеринария илими боюнча докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, учурда билим берүү жана илим министрлигинде аттестация жана лицензиядан өткөрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси кызматын аркалоодо.

Техникумдун мурдагы окутуучулары Насыров З. учурда, Сузак районунун башкы ветеринардык врачы, Бакиев К. С. – Ырыс айыл өкмөтүнүн башчысы, Мамытов А. Жалалабат областык салык инспекциясында, Байкишиев К. – шаардык ветеринардык лабораториянын башчылык кызматтарында үзүрлүү эмгектенишүүдө.

Техникумдун тажрыйбалуу окутуучулары Саркаров К. М., Сатканкулов Э. С. – университеттин билим берүүнүн сапатын жогорулатуу башкармалыгында, Кыргызбаева Ч. – «Орус тили» кафедрасында, Акматов С. – «Механика» кафедрасында, Касымов М. – «Дене тарбия» кафедрасында, Медетбеков М. – малекеттик тил кафедрасында, Иманкулов Д, Төлөнов Э. – «экономика» кафедрасында, Беккулов М. – «Батаника» кафедрасында,

Эрназаров К. ветеринардык медицина кафедраларында келечек муундарга сапаттуу билим берүү маселесин ишке ашыруу максатында педагогикалык ишмердүүлүктөрүн улантышууда.

Мезгилинде техникумда эмгектенишкен Сатыбалдиева Г., Досбаева С. – Химия-биологиялык жана агрардык-экономикалык факультеттерде деканат кызматкерлери, Сыдыкова М. – ЖаМУнун бухгалтериясында эсепчи бухгалтер болушуп, ийгиликтүү иштеп жатышат.

Республиканын түштүк чөлкөмүнүн өнүгүү келечегин, энергетика, электроника, айыл-чарба жана педагогика жаатындагы адистерге болгон окуу материалдык жана өндүрүштүк базаны эске алуу менен Жалалабат шаарында Жалалабат мамлекеттик университетинин уюушулганына байланыштуу 1993-жылдын 1-июлунан тартып зооветеринардык техникумунун базасында Жалалабат мамлекеттик университетинин Агрардык-техналогиялык факультети ачылып, бул факультетте айыл-чарба багытындагы «Зоотехния», «Ветеринария» жана «Токой-бак чарбасы» адистиктери боюнча жогорку билимдүү адистер даярдала баштаган.

Учурда Жалалабат малекеттик университетинин агрардык экономикалык факультетинин курамындагы «Айыл-чарба», «Ветеринардык медицина» жана «Токой-бак чарбасы» кафедраларында агроэкологиялык, веиеринария, токой-бак чарбасы боюнча инженер адистиктери даярдалып, аларга айыл-чарбасы багытындагы жогорку квалификациялуу окутуучулар жамааты сабак беришүүдө.

Бул окутуучулардын ичинен 2 окутуучу илимдин докторлору, 12 окутуучусу илимдин кандидаттары – доценттер. Кафедралардын материалдык техникалык базасы учурдун талабына толук жооп берет. Профессордук-окутуучулар курамынын 50%тен ашыгын илимий даражалуу окутуучулар түзөт.

ЖаМУда айыл-чарбасы үчүн жогорку саппаттагы адистерди даярдоого бардык шарттар түзүлгөн жана учурдун талабына толук бере алышкан, фермердик, дыйкан чарбалардын, айыл-чарба кооперативдеринин шартында иштөөгө жөндөмдүү адистерди даярдоо улантылууда.